ЭМГЕК жарчысы

# Алтын чыккан жер - кадырлуу, аты чыккан эл - кадырлуу

Асыл металл - алтын адамзатка биздин заманга чейинки 5 миңинчи жылдыкта эле, неолит доорунда таза уюган түрүндө таралгандыгы менен таанылгандыгы тарыхта жазылган. Алтынды өндүрүү алгач жакынкы Чыгышта башталып, Египетке ташылыптыр. Дал ушул Египеттин каншайымынын жана Шумер цивилизациясынын бир каншайымынын көрүстөнүнөн биздин заманга чейинки 3 миңинчи жылдыкка таандык алтын жасалгалар табылгандыгы да маалым.

Алтын инвестиция объекти катары, өнөр жайда, ювелирдик тармакта, стоматологияда, фармокологияда кеңири колдонулуп келаткандыгы белгилүү.

"Алтынды чыккан жерден каз" дегендей, бүгүнкү күндө дүйнө жүзү боюнча алтын өндүрүүнүн лидери - биздин өлкөнүн ишенимдүү жана чыныгы берилген коңшусу болгон Кытай. 2009-жылдагы маалыматка таянсак, Кытай 314 тонна алтын өндүргөн. Ал эми КМШ өлкөлөрү боюнча алтын өндүрүүдө 3-орунда, дүйнөдө 22 орунда турган кен байлыктарына бай Кыргызстанда - 2149 тонна алтын бардыгы изилденген. Өлкөбүздө акыркы жылдары жылына 18-22 тонна алтын өндүрүлүп жатат.

"Алтын чыккан жер кадырлуу" демекчи, кен байлыктарына бай районубуздун Талды-Булак кенинде 77,6 тонна алтын бардыгы изилденген. "Алтын кен" жоопкерчилиги чектелген коому 2006-жылы апрель айында түзүлүп, мындагы курулуш, инфратүзүмдөрдү даярдоо 2011-жылдын күзүнөн башталган. Ал эми инвестор - Кытайдагы гана эмес, дүйнөдөгү эң ири алтын иштетүүчү "Цзыцзинь" компаниясы. Анын бардык активдери 8,3 млрд долларды түзөт. Буюрса, кытайлык инвесторлор кенди өздөштүрүүгө 210 млн доллар жумшамакчы. Бул тапта көрсөтүлгөн каражаттын 40.5%га жакыны жумшалды же техникалык-экономикалык негиздемелерге ылайык жумуштар эпкиндүү улантылууда. Буюрса комбинат ишке киргенде суткасына 2500 тонна руда иштетилип, бир тонна рудадан 5,8 грамм алтын алынмакчы. "Алтынкен" ЖЧК 60 % "Цзыцзинь" компаниясына, 40 % "Кыргызалтын" АКна таандык болот.

"Аты чыккан эл кадырлуу". Ооба, калетсиз сөз. Анысы кандай элине жери, жерине эли жарашкан Кеминдин кадыр- баркы чоң, зоболосу бийик, келечеги кенен экендиги талашсыз. Атап айтсак, районубуздун социалдык -экономикалык өнүгүүсү да ушул "Алтынкенге" тыкыз байланыштуу экендигин калайык-калк жакшы билет, өз кезегинде "Алтынкен" ЖЧК да жергиликтүү калк менен жемиштүү карым-катнаштарды түзүп, социалдык маселелердин чечилүүсүнө өзгөчө маани берип жаткандыгы эки тараптуу жагымдуу маанай жаратууда. Бул максатта 2012-жылдын 14-ноябрында районубузда инвестор менен өз ара түшүнүшүү мамилесине жетишүү, биримдикте жана тынчтыкта иш жүргүзүү тараптардын укук жана милдеттерин аныктоо менен өз ара узак мөөнөттүү жана бекем байланыштарды чыңдоо үчүн Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын мурдагы башчысы-акими, азыр "Алтынкен" ишканасынын генералдык директорунун биринчи орун басары Умар Изабаевдин жеке демилгеси менен райондук бийликтин, Геология жана минералдык ресурстар агенттигинин, "Алтынкен" ЖЧКнын, Орловка шаардык мэриясынын, Жаңы-Алыш, Кызыл-Октябрь, Чым-Коргон айыл аймактарынын, жергиликтүү Кеңештеринин кызматташтык келишими түзүлгөн. Анын негизинде 2012-жылдын 26-ноябрында аталган шаар жана айыл аймактарына социалдык пакет катары жергиликтүү коомчулук артыкчылыктуу деп тапкан социалдык долбоорлордун аткарылышына жалпысынан 1 134 334 америка долларын түзүлгөн графикке ылайык бөлүп берүү чечими кабыл алынган. Тактап айтсак, 2012-жылдын 31-декабрына чейин 86 000, 2013-жылы 350 000, 2014-жылы 350 000, ал эми 2015-жылы 350 000 доллар берилмек. Жаңы бир маалымат, 2016-жылы Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнө кошумча 10 млн сом бериле тургандыгы аныкталды.



*Айыл калкынын атынан "Алтынкенге" ыраазычылык кат берилди.*


*''Кызыл-Октябрь айыл аймагына экскаватор тапшыруу учуру.*

Жалпысынан келишим түзүлгөн мезгилден бери кен иштетүүчү компания тарабынан социалдык пакетке 14 859 651 млн сомго жакын каражат берилип, элдин суроо-талабына ылайык биринчи кезекте аткарылуусу зарыл жумуштарды жасоо бүгүнкү күндө өзүнүн ийгилигин берип жатат десек жаңылбайбыз. Сөзүбүз кургак болбосу үчүн аткарылган долбоорлордун айрымдарын мисал келтире кетсек ашыкча болбостур. Чым-Коргон айыл аймагына 2012-жылы 1380 000 сом, 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында 2 113 135 сом бөлүнүп, айылдык Маданият Үйүнүн чатыры оңдолуп жана жабылды, терезелери жаңыртылды, таза суу тармагы тартипке келтирилди, сугат суу келүүчү арыктар жана бир көчө оңдолду, ой жеткен менен кол жетпей жүргөн экскаватор сатып алынды. Мындан тышкары спорттук иш чаралар уюштурулду. Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнө жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөт аралыгында 3 млн 698 135 сом бөлүнүп, "Суу-өмүр" ИСКАКБга ЭЦВ 2 насосу сатып алынды, эксковатор алышты, Ак-бекет айылындагы суу тармагы оңдолду. Орловка шаарына бөлүнгөн каражат 3 113 135 сомду түздү жана бала бакчага, маданият үйүнө ремонт жасалды, техника сатып алынды, "Сергек" ИСКАКБ жана "Изатбек" СПАсындагы ремонт жумуштарына жумшалды. Канча жылдан бери тазаланбаган Орловканын БСРи тазаланды. Ошондой эле чоң жол боюна прожекторлор сатып.алынып, орнотулду, жалпы элдик майрамдык иш-чаралар уюштурулду. Ал эми Жаңы-Алыш айыл өкмөтүндөгү жасалып жаткан иштер да жалпыны жадыратууда. Бөлүнгөн 2 763 135 сомду даректүү өздөштүрүүгө кылдат мамиле жасалып, билим бешиги болгон айылдык мектептин терезелери алмаштырылды, архитектуралык кызмат үчүн акылары төлөндү, ак тилек менен түзүлгөн айылды өнүктүрүү фондунун уюштуруу жумуштарына каражаттар тапшырылды, күрөш залы оңдолду, малдын асылдуулугун жогорулатуу боюнча жумуштарды алып баруу үчүн бир жылдык мөөнөт менен кайтарымдуу каражат берилди, жаштарды мекенчилдикке, сергек жашоого үндөгөн спорт оюндарын уюштурууга жана өткөрүүгө акчалай колдоолор көрсөтүлдү.


Жогоруда айткандай, 2012-2015-жылдары жалпысынан Чым-Коргон айыл аймагына 8007000 сом, Кызыл-Октябрь айыл аймагына 2016-жылда кошумча берилүүчү 10 млн сомду кошкондо 25 087 000 сом, Орловка шаардык мэриясына 20 270 000 сом, Жаңы-Алыш айыл аймагына 10 036 000 сом бөлүнмөкчү. Инвестор бул милдеттенмесин ишенимдүү аткара тургандыгында эч шек жок. Изабаевдин демилгеси менен "Алтынкенден" жана башка инвесторлордон түшкөн каражаттарды туура, ачык-айкын жана акыйкаттык менен пайдалануу үчүн райондук жана "Кемин келечеги" фонду түзүлгөн.

Мындан ары "Алтынкен" ишканасында өндүрүлгөн ар бир унция алтындан 7,5 доллар райондук "Кемин келечеги" өнүгүү фондуна которулуп турмакчы. Кыскасы, алтын кенинин бергенден да бере турганы алдыда.

Ырыстын алды ынтымак" дейт эмеспи. Асыл максаттуу иш чаралардын ырааттуу жүзөгө ашуусу үчүн, социалдык-экономикалык өнүгүүлөрдү камсыздай турган алтын өндүрүүнү жакын арада ишке киргизүү үчүн жагымдуу жагдайларды жаратып, жан дилибиз менен бири-бирибизди колдоп, эриш-аркак жана ынтымактуу аракеттенүү район коомчулугу үчүн да, инвестор үчүн да башкы милдет. Буюрса, көрүнгөн тоонун ыраагы жок дегендей, алгачкы алтын кыпыны алынчу күндөр алыс эмес.

К.АБДЫЛДАЕВА.

ЧЫМ-БУЛАК КОКТУСУНДАГЫ АЛТЫН ИШТЕП ЧЫГАРУУЧУ ИШКАНАНЫН ЖАЛПЫ КӨРҮНҮШҮ
ОБЩИЙ ВИД ПРОЕКТИРУЕМОЙ ЗОЛОТО ИЗВЛЕКАТЕЛЬНОЙ ФАБРИКИ УРОЧИЩЕ «ЧЫМ-БУЛАК»


*Чым-Булак коктусундагы алтынды иштеп чыгаруучу болочок комбинаттын көрүнүшү.*